№2 педкенеште каралды
Протокол № 1 14.09.212

Утверждаю
14.09.212

**Дем берүүчү эмгек акы жөнүндө жобо**

**1.Жалпы жобо мектептин мугалимдери окутуунун сапатын жогорулатууга жана тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган:**

1.1.Бул жобо КР өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январы №18 билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн жаны шарттарын киргизүү жөнүндөгү токтомунун негизинде иштелип чыкты.

1.2.Бул жобо дем берүүчү эмгек акыны төлөп берүү жолдорун жөнгө салат.

1.3.Бул жобо чыгармачылык жана демилге менен иштөөдө, мугалимдин жана мектеп кызматкерлеринин материалдык жактан кызыкчылыгын жогорулатуу максатында иштелип чыкты.

1.4. Администрация жана чарба иштери боюнча кызматкерлерине дем берүүчү эмгек акыны эсептөө принциптерин мектеп өзү аныктайт.

**2.Мугалимдерге дем берүүчү акыны төлөөдө эмгектик катышуу коэффицентин төмөнкү индикаторлор менен аныкталат:**

2.1. Иштин татаалдыгы,ургалдуулугу.
2.2. Тарбиялык жана класстан тышкаркы иштин сапаты.
2.3. Конференцияларды, семинарларды ,тренингдерди, жыйналыштарды өткөрүү.
2.4.Окуучуларды олимпиадага, конкурстарга сапаттуу даярдоо.
2.5.Автордук программа иштеп чыгуу, киргизүү.
2.6.Усулдук ишти алып баруу
2.7. Кабинеттердин абалы .
2.8.Администрациялык жазалардын жоктугу.
2.9.Документтерди сапаттуу жүргүзүүсү
2.10.Аткаруучулук тартиби .
2..11.Оору баракчасынын жоктугу

**3. Тарбия иштерин уюштуруусу:**

3.1.Класс жетекчилик
3.2.Мектеп ичиндеги дежурлук.
3.3.Линейкадагы иш-чараларга, конкурстарга проектилерге активдүү катышуусу .
3.4.Ачык класстан тышкаркы иштери
3.5.Ата-энелер менен иш алып баруусу.
3.6. Жай кабыл алган,резевдеги балдар менен билим сапатын көтөрүү боюнча иш-чаралар .
3.7. Ишембиликтерди өткөрүү.
3.8. Окуучулардын эмгек практикасын натыйжалуу уюштуруу.
3.9. Мугалимдин аткаруучулук тартиби .

**4. Жалпыга билим боюнча иш алып баруусу:**

4.1. Өздүк билимин көтөрүү (кесиптик).
4.2. Квалификациясын жогорулатуусу .
4.3. Негизги кызматынан башка жумуштарды аткаруусу:
МБнин жетекчиси, компьютер боюнча тейлөө, архив иштерин алып баруу, профсоюз комитетинин төрайымы.

**5. Чарбалык тейлөөчү персоналдарга дем берүүчү акыны төлөөдө төмөнкү индикаторлор менен аныкталат:**

5.1.Өз милдетин так жана кемчиликсиз аткаруу.

5.2.Ассентизаторлук милдеттерди аткаруу.

5.3.Мектептин аянтын жашылдандырууга катышуу

5.4.Мектептин теориясын тазалыкта кармоого катышуу

5.5.Мектептин ондоп-түзөө иштерине активдүү катышуу.

5.6.Мектеп жетекчилигинин буйруктарын (чарба иштери боюнча) так, кемчиликсиз аткаруу.

**6. Административдик –башкаруу кызматкерлерине дем берүүчү акыны төлөө төмөнкү индикаторлор менен аныкталат:**

6.1.Мугалимдердин чеберчилигин өстүрүү боюнча семинар-тренинг жана алардын натыйжалуулугу

6.2.Билим сапатынын жогорулашы .

6.3.Райондук,облустук олимпиада көрсөткүчтөр,ОРТ жыйынтык көрсөткүч.

6.4.Райондук мектептен тышкаркы иштеринин көрсөткүчтөрү(конкурстар, спартакиада, проектилер)

6.5.Мектеп кенеш насаатчылык боюнча уюшмаалык ж.б иштердин натыйжалуугу, алдынкы тажырыйба жайылтуу.

6.6.Окуу, тарбия процесси жогорку денгээлде уюштуруу,көзөмөлдөө.

6.7.Демөөрчүлөр проектилер менен иш алып баруу (мектепти техникалык базасын чындоо) .

**7. Укук бузуу алдын алуу иштеринин натыйжалуулугу:**

7.1.Окуучуларды жайкы эс алуусун уюштуруу.

7.2.Өзүн-өзү башкаруу уюмунун ишинин эффективдүүлүгү.

7.3.Адистердин(психолог,врач,юристер) акын,жазуучу,манасчы,китептин авторлору, ар кыл кесиптин ээлери ж.б. жолугушуу, семинар-тренингди өтүү.

7.4.Төмөнкү шарттарды аткарууга жагдай түзүү

а) өрт коопсуздугун сактоо

б) санитардыу-гигиеналык коопсуздукту сактоо

в) эмгек коопсуздукту сактоо

г) окуучулар үчүн коопсуз чөйрөнү түзүү (рекетчилик,террор,экстремизмдин алдын алуу), жугуштуу оорулар алдын алуу боюнча иштери (грипп,сарык тумоо ж.б жугуштуу оорулар)

д) мугалимдер үчүн билим берүү үчүн ыңгайлуу шарт түзүү (жылуулук,тазалык ж.б)

**8. Дем берүүчү акыны төлөбөө же азайтуу төмөнкү негизде жүргүзүлөт:**

8.1. Эмгек тартибин бузуу

8.2. Өзүнүн функционалдык жана кызматтык милдеттерин, толук эмес же сапатсыз аткаруусу;

8.3. Кызматкер тарабынан

а) коопсуздук эрежелери,ченемдери

б) эмгек коопсуздугу

в) санитардык-гигиеналык ченемдерди эрежелерди

г) өрт коопсуздугунун эрежелерин сактабаса

**9. Эксперттик комиссия тарабынан индикаторлор боюнча берилген баллы директордун көрсөтмөсү менен азайтылышы же көбөйтүлүүшү мүмкүн:**

9.1.Эксперттик комиссия тарабынан берилген баллдын аныктыгы эксперттик кенеш тарабынан такталат.

9.2. Мекеменин жетекчилиги тарабынан бекитилет